КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
АТ-БАШЫ АЙМАКТЫК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
АТ-БАШИНСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ
ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

722600, Кыргыз Республикасы, Ат-Башы айылы, М.Өмуракунов көчөсү 133

E-mail: adm53@shailoo.gov.kg

Тел. (03534) 2-34-14

722600, Кыргызская Республика, село Ат-Башы, ул. М.Омуракунова 133

E-mail: adm53@shailoo.gov.kg

Тел. (03534) 2-34-14

**15.04.2021-ж**

**№ 106**

**Ат-Башы районунун Ат-Башы айылдык кеңешине №4001 Токой шайлоо участкасынан талапкер Б. Байтемировго**

Сиз аймактык шайлоо комиссиясына жергиликтүү кеңештердин депутаттарына 11.04.2021-ж. болгон шайлоонун жыйынтыгы боюнча №4001 Токой участкалык шайлоо комиссиясындагы добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра санап берүүнү талап кылып арыз менен кайрылгансыз.

Кыргыз республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 36-беренесине ылайык добуш берүүнүн жыйынтыктары шайлоо участкасында добуш берүү аяктагандан кийин токтоосуз чыгарылат. №4001 Токой шайлоо участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгы талапкерлердин өкүлдөрүнүн, байкоочулар катышуусунда эсептелип чыгарылып кол коюлуп түзүлгөн. Сиз добуш берүүнүн жыйынтыгын кайра эсептөөнү ошол учурда участкалык шайлоо комиссиясына талап кылсаңыз, шайлоо бюллетендерин кайра эсептелинип берилмек. Ал эми аймактык шайлоо комиссиясы кайра саноону өз алдынча жүргүзө албайт жана участкалык шайлоо комиссиясынын печать менен таңгактап бекиткен шайлоо бюллетендерин өз алдынча ачууга укугу жок.

Ат-Башы аймактык шайлоо комиссиясы Сизге, №4001 участкасында добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгаруу боюнча мыйзам бузуу аныкталбагандыгын билдирет. (УШКнын жыйынтык протоколу тиркелет.)

**Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **А.Алымбекова**